№02-001-2021-017045 сандуу маалыматтардын электрондук журналына катталган материал боюнча

МААЛЫМАТ

2021-жылдын 11-июль күнү саат 12:00 чамасында социалдык тармактарда Бишкек шаарынын Ленин РИИБна, "Общее дело" коомдук фондунан Бишкек шаарынын Месароша көчөсү №1 дарегиндеги №50 орто мектепте жайгашкан №1011 аймактык шайлоо комиссиясынын жанында "Ак-Кайын" аталышындагы азык түлүк сатуу дүкөнүнүн ичинде добуштарды сатып алуу үчүн финансы каражаттарын таратып жатышы мүмкүн, добуштарды сатып алуучу адамдар аталган дүкөнгө кирип чыгып, балким добуш сатып алуу үчүн сакталган финансы каражаттарын алып чыгып, шайлоочуларга таратып жаткандыгы жана алардын мыйзамсыз иш аракеттерин көзөмөлдөп ошол эле жерде [redacted] сандуу мамлекеттик белгиси бар ак түстөгү "Лексус 450" үлгүсүндөгү жана [redacted] сандуу мамлекеттик белгиси бар алтын түстөгү "Дэу Нексия" үлгүсүндөгү автоунаалары токтоп турушат деген маалымат келип түшкөн.

Аталган маалымат 2021-жылдын 11-июлб күнү саат 13:07 мүнөттө Бишкек шаарынын Ленин РИИБнын маалыматтардын электрондук журналына №02-001-2021-017045 саны менен катталган.

Жогоруда аталган маалымат боюнча Бишкек шаарынын Ленин РИИБнын №1 документтештирүү тобу окуя болгон жерге барган учурда жогоруда көрсөтүлгөн маалымат такталган эмес.

Окуя боюнча суралган Бишкек шаарынын Ынтымак жаны конушунун Төрткүл көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган [redacted] көрсөтмө берген: 2021-жылдын 11-июль күнү саат 13:20 чамасында Бишкек шаарынын №50 орто мектебинен жанында өзүнө тиешелүү 01 [redacted] сандуу мамлекеттик белгиси бар "Лексус 450" үлгүсүндөгү автоунаасын токтотуп өзүнүн жеке иштери менен жүргөндүгү тууралуу жана эч кандай саясий партияларга же башка шайлоо боюнча иштерге катыштыгы жок экендигин билдирген.

Окуя боюнча суралган Бишкек шаарынын Месароша көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] жылы туулган [redacted] төмөндөгүдөй көрсөтмө берген: ал аталган даректеги "Ак-Кайын" азык түлүк дүкөнүндө сатуучу болуп иштеп тургандыгын, 2021-жылдын 11-июль күнү "Ак-Кайын" дүкөнүнө соода кылуу үчүн кардарлдар кирип чыгып жатышкандыгын, ал шайлоо иштерине же саясий партияларга катыштыгы жок экендигин жана башка адамдар тарабынан мыйзам бузууларды көрбөгөндүгү тууралуу билдирген.

Мындан тышкары окуя боюнча суралышкан, [redacted], [redacted] окшош түшүндүрмөлөрдү беришип, 2021-жылдын 11-июль күнү Бишкек шаарынын Месароша көчөсү №1 дарегиндеги №50 орто мектепте жайгашкан №1011 аймактык шайлоо комиссиясынын жанында башка адамдар тарабынан мыйзам бузууларды көргөн жок экендигин билдиришкен.

Жогоруда көрсөтүлгөн себептерди эске алып аталган окуя боюнча чогулган материалдар боюнча кылмыштын курамы жоктугуна байланыштуу намекулатуралык ишке чыгыштоо чечими кабыл алынып №001-2021-007770 саны ыйгарылды.

**Бишкек шаарынын Ленин РИИБ**